**2013-жылдын 18-апрелиндеги № 53 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

2013-жылдын 14-мартында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., № 2, 77-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** 392-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"392-статья. Тынч чогулуштарды өткөрүүнүн мыйзамда белгиленген тартибин бузуу

Тынч чогулуштарды өткөрүүнүн мыйзамда белгиленген тартибин бузуу-

жарандарга эсептешүү көрсөткүчүнүн ондон жыйырма, кызмат адамдарына жыйырмадан элүү өлчөмүнө чейин административдик айып салууга алып келет.».

**2.** 564-статьянын 1-пунктундагы "чогулуштарды, митингдерди, көчө жүрүштөрүн жана демонстрацияларды, жолду мыйзамсыз тосууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн" деген сөздөр "тынч чогулуштарды өткөрүүнүн мыйзамда белгиленген тартиби бузулганда, мыйзамсыз жол тоскондо" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене.** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., № 7, 229-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

148-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"148-статья. Тынч чогулушту өткөрүүгө же ага катышууга тоскоолдук кылуу

Тынч чогулушту өткөрүүгө же ага катышууга мыйзамсыз тоскоолдук кылуу же болбосо ага катышууга мажбурлоо, эгерде бул жосундар өзүнүн кызматтык абалын пайдалануу менен, же зомбулук көрсөтүү же зомбулук көрсөтөм деп коркутуу менен кызмат адамы тарабынан жасалса,-

эсептик көрсөткүчтүн үч жүз өлчөмүнөн беш жүз өлчөмүнө чейин айып салынат же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен же андай кылбастан үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө жазаланат.".

**3-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**